инв. 288

Шапоков. Лемури-

„Семетей“ /чзунду/

Инв. 288

Шапаков Молмуштун „Семетей" эпосунан жазып келген үзүндүсү боюнча кыскача пикир.

Бул үзүндү-1 Чачыкей менен Айчүрөктүн Семетейди талашуусу" деп аталат. Бул материалда Чачыкей менен Айчүрөктүн конфликтиси кылдаттуу баяндалат. Чынкожо, ~~менен~~ Толтойдун Семетей ~~менен~~, Күлчоро менен болгон согушу жөнүндө кыскача болсо да айтылып, баатырдык сценаларда сүрөттөө жагынан башка айтуучулардан өзгөчөлүгү тургандыгын байкоого болот. Окуя Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшүнө чейин өнүктүрүлүп барып токтойт. Шапаков Молмуш белгилүү манасчы Шапак Ырысмендиевдин баласы. Ошондуктан, атадан балага манасчылыктын өтүшү, кандай деңгээлде өздөштүрүшү боюнча ой, пикир айтуу үчүн бул материал изилдөө иштерине өтө керектүү. „Кол жазмалар" фондусуна" кабыл алса болот.

Жалпы көлөмү (3,48 басма табак)

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 288
стр. 81. 1985 г.
Инв. ФАН ССОР гор. Фрунзе

Рецензент: [signature] /М. Мукасов/

1984 ж.

Семетейдин Үргөнчкө барышы

Семетей Букардан он эки жашында Таласка келген. Атасын тартып баатыр эр болду. Даңкы кетти далайга, арышы жетти алайга. Жыйырма беш жашка чыгып эр жетип турган кезде Бакайдан кабар угуп Үргөнчтү көздөй жөнөйт

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 288
стр. 81 1985 г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Атам менин Акун кан
Алышып койгон кол учун
Бирге жүргөн жол ошол
Балам чүрөк ойлонгун
Арбака чеки болбоюн
Эми балам Айчүрөк
Башыма кыйын иш болду
Таласка чейин барсаңчы
Бир кабарын алсаңчы
Ал Манастын уулу Семетей
Аман эсен бар бекен
Кабарын жетип алсаңчы
Кан Бакайы бар бекен
Кабарын жетип алсаңчы
Кан Бакайы бар бекен
Же менден жаман кор бекен
Каныкейи бар бекен
Адамдан чыккан кор бекен
Булардан кабар бил деди
Үч күндөн калбай кел деди
Чынкожо, Толтой кордугу
Өтүп турат чоңдугу.
Аяктан жардам болбосо,
Бир кармашып көрөйүн.
Ошону айтып Акун кан,
Ак батасын берди эми.
Алло акбар деди эми.
Бешти кийип белсенип.
Пери кызындай теңселип,
Оңду кийип оолугуп,
Жинтийгенсип Айчүрөк,
Катра оңолуп соолугуп.
Көлкормо күндүз кээчет борк,
Көк желкеде кыйшайып,
Өз жорлосу болуптур.

35 строк
81 ...

Ак куу болуп Айчүрөк
Ак тазманы сыдырып
Калмактын элин кыдырып
Жылдыз Күндөз элинде
Жылкысы жатку жерине
Кара ат менен калкылдап
Туна бою чылк алтын
Коңурбай жүргөн жаркылдап
Көк ала сакал калдайга
Көрүп турду дамайга
Мунун тилин кантип билет деп
Тигил дүйнө барганда
Дозогуна күйөт деп
Сынап өттү Айчүрөк
Жердин баарын кыдырып
Ак тасманы сыдырып
Ай ааламды кыдырып
Доолордун баарын сынаптыр
Анжыянда Сынжибек
Сынап жүргөн Айчүрөк
Алайга малын эңкейтип
Аргымагын керкейтип
Көк кешигин тепейтип
Сынап жүргөн Айчүрөк
Аралап көрдү баарысын
Жашы менен карысын
Эңкейип учуп Айчүрөк
Таластын башы жети тор
Атанын сонун жер бол ай
Жайлап бир жүрчү жер экен
Кыдырып учуп эңкейип
Салынып кирген боз сеңир
Салынып турган боз коргон
Күнбөсү экен Манастын
Ортосу экен Таластын